Кабыл алынды
педагогикалык кенешменин
чечими менен
«28» 08 20 22-ж

Асан Жансейитов атындагы орто
мектебинин директору:
Турунов М.С.

# Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектеби
# Ата-энелер комитети жөнүндөгү жобо

**1.Жалпы жоболор .**

Бул жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү " мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетинин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.

Ата-энелер комитети жөнүндөгү жобо ата-энелердин жалпы мектептин чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.

Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары-"комитет"-деп берилет)

уч жылдык мөөнөөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрөга башкарат.Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү мене ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчет) берип турат.

Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 3 жылда бир алмашылып турат.

Анын иш аракеттеринин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

Комитеттин иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндөгү" Кодесине,Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү " мыйзамына, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген " Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү " типтүү жобого , "Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы " жана ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.

Комитеттин чечимдери жалпы билим беүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.